“____”_______2024 ж.№___буйрукка
3-тиркеме

БЕКИТИЛДИ
«НУР Телеком» ЖЧКнын 2024-жылдын ___ __________ №__ Буйругу менен
26.03.2024-жылдан тартып аткарууга берилди

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.

**«НУР Телеком» ЖКЧсынын Купуялуулук саясаты**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Саясат Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” жана “Электр байланышы жөнүндө” Мыйзамдарына, ошондой эле көрсөтүлгөн мыйзамдарды аткаруу максатында кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыкты жана жеке маалымат субъекттеринин (мындан ары текст боюнча – субъекттер, ал эми өз-өзүнчө субъект) «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коому (мындан ары – Кармоочу) иштеп чыккан жеке маалыматтарын иштеп чыгуунун укуктук жана уюштуруучу негиздерин аныктайт.

1.2. Ушул Саясат жеке маалыматтарынын иштелип чыгуусунда субъекттин укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоого багытталып, маалыматтык тутумдарды, автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен жана аларды колдонбостон Кармоочунун жеке маалыматтарга карата болгон бардык операцияларына жайылтылат.

**2. Субъекттердин негизги укуктары жана милдеттери:**

2.1. Субъект төмөнкүгө укуктуу:

- Кармоочу иштеп чыккан жеке маалыматтар туурасында толук маалымат алууга;
- жеке маалыматтарына жеткилик алууга, анын ичинде Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо, аларда камтылган каалаган жазуунун көчүрмөсүн алууга;
- өзүнүн жеке маалыматтарын тактоого, жеке маалыматтар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган болсо, же иштеп чыгуу максатына ылайык келбесе, аларды жаап коюуга же жок кылууга;
- өз укуктарын коргоо боюнча мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктук мамлекеттик органга кайрылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктарын ишке ашырууга.

2.2. Субъект милдеттүү:

- Кармоочуга өзү туурасында анык маалымат гана берүүгө;
- иштеп чыгуу максатына керектүү көлөмүндө гана жеке маалыматты камтыган документтерди берүүгө;
- өзүнүн жеке маалыматынын такталганы (жаңыланганы, өзгөргөнү) туурасында Кармоочуга билдирүүгө;
- ушул Саясаттын шарттарынын бардык өзгөрүүлөрү жана жаңылануулары туурасында Кармоочунун сайтынан өз алдынча байкап, таанышып, окууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттенмелерин аткарууга.

2.3. Кармоочу төмөнкүгө укуктуу:

- субъекттен жеке маалыматтарын жана/же анын жеке маалыматтарын камтыган маалымат алууга;
- субъект берген жеке маалыматтарды тактоого;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктарын ишке ашырууга.

2.4. Кармоочу милдеттүү:

- ушул Саясатка ылайык жана Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Мыйзамында белгиленген тартипте жеке маалыматтарды иштеп чыгууга;
- субъекттин жеке маалыматтарды иштеп чыгуу маселелери боюнча кайрылууларын караштырууга жана аларга жеке маалыматтар жаатында орнотулган мөөнөттө жооп берүүгө;
- субъекттин анын жеке маалыматтарына акысыз жетүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө;
- жеке маалыматтар субъектисинин кайрылуусуна байланыштуу жеке маалыматтарды актуалдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө.

**3. Субъекттер жана алардан чогултулган жана иштелип чыккан маалымат тизмеси**

3.1. Өзүнүн ишмердүүлүгүнүн алкагында Кармоочу Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Мыйзамында, ошондой эле жеке мүнөздөгү маалымат жаатындагы мыйзамдуу актыларда белгиленген тартипте жеке маалыматтарды чогултат, иштеп чыгат, сактайт, пайдаланат жана өткөрүп берет.

3.2. Кармоочу тарабынан иштелип чыккан жеке маалыматтардын субъекттери болуп, абоненттер жана колдонуучулар, анын ичинде О!Касса ПККМ колдонуучулары саналат.

3.3. Кармоочу чогулткан жана иштеп чыккан субъектердин жеке маалыматтарына төмөнкүлөр кирет:

- фамилиясы, аты, атасынын аты;
- туулган күнү;
- өздүгүн билдирген документтин реквизитери: паспорт маалыматы (паспорттун сериясы, номери, ким тарабынан жана качан берилген), аскердик билеттеги, айдоочу күбөлүктөгү маалымат;
- жарандыгы;
- жашаган (жүргөн) дареги;
- идентификациялык жеке номери (ИЖН)/идентификацияланган салык номери (ИСН) ;
- телефон номери (абоненттик номери);
- электрондук почта дареги;
- сүрөт/видеожазуу;
- кол тамгасы;
- эсептешүү эсеби;
- IP-дареги;
- жеке ишкер патентинин реквизиттери, жеке ишкерди мамлекеттик каттоо туурасындагы күбөлүк.

3.4. Расалык же этникалык таандыгын, саясий көз караштарын, диний же философиялык ишенимдерин ачыктаган, ошондой эле жеке жашоосуна тиешеси бар жеке маалыматтардын атайы категориясы Кармоочу тарабынан иштелип чыкпайт.

3.5. Кармоочу иштеткен жеке маалыматтардын мазмунунун жана көлөмүнүн иштеп чыгуу максаттарына туура келишин камсыздайт жана керек учурда, жеке маалыматтардын иштеп чыгуу максаттарынан ашып кетишин жоюу боюнча чараларды көрөт.

**4. Жеке маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу максаттары**

4.1. Кармоочу субъекттердин жеке маалыматтарын төмөндөгү алдын ала аныкталган жана мыйзамдуу максаттарда чогултуп, иштеп чыгат:

4.1.1. Кыргыз Республикасынын “Электр байланышы жөнүндө” Мыйзамынын жана Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежесинин талаптарын аткаруу, атап айтканда төмөнкүлөр үчүн:

- байланыш кызматын көрсөтүү үчүн келишимди түзүү, ошондой эле түзүлгөн келишимди аткаруу;
- байланыш кызматын көрсөтүү (анын ичинде телематикалык кызматтар, көчмө радиотелефон байланыш кызматтары, эл аралык байланыш кызматтары), маалыматтарды берүү, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары менен байланыш кызматтарына киргизилген кошумча кызматтарды жана башка кызматтарды;
- абонентти тейлөө, анын ичинде абоненттик, сервистик жана маалыматтык-маалымдама тейлөөсү;
- кызмат көрсөтүү сапатын жогорулатуу;
- тапшырмалардын, келишимдердин жана Кыргыз Репсубликасынын колдонуудагы мыйзамдарынын алкагында Кармоочунун жана/же үчүнчү жактардын укуктарын жана милдеттерин тиешелүү түрдө аткаруусу;
- абоненттердин арыздарын иштеп чыгуу;
- Кармоочунун ишмердүүлүгү, колдогу кызматтарды же тарифтик пландарды өзгөртүүсү, айрым байланыш кызматтарын токтотуусу туурасында абоненттерди маалымдоо;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аткарууга милдеттүү соттук актыларды, органдардын же кызмат адамдарынын акттарын, суроо-талаптарын аткаруу.

4.1.2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Контролдук-кассалык машиналарды киргизүү боюнча чаралар жөнүндө” 08.04.2022-жылдагы №193 сандуу токтом талаптарын аткаруу

максатында, анын ичинде төмөнкүлөр үчүн:

- программалык ККМны эксплуатациялоого даярдоо жана техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимди түзүү, ошондой эле түзүлгөн келишимди аткаруу;
- колдонуучуларды тейлөө;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын алкагында Кармоочунун укуктарын жана милдеттерин тиешелүү ишке ашыруусу.

**5. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жана өткөрүп берүү шарттары жана тартиби**

5.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаган болсо, Кармоочу жеке маалыматтарды субъекттин макулдугунда иштеп чыгат. Маалымат булактары катары төмөнкүлөр чыгышы мүмкүн:

- байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишим;
- ПККМны техникалык, кепилдик жана сервистик тейлөөсүнө келишим;
- паспорт же өздүгүн билдирген башка документ (аскердик билет, айдоочу күбөлүгү);
- аскердик каттоо документи (аскердик милдеттүү жактар жана аскер кызматына чакырыла турган жактар үчүн);
- жеке ишкерди мамлекеттик каттоо тууласында күбөлүк;
- жеке ишкер патенти.

5.2. Субъекттин жеке маалыматтары Кармоочу жайгашкан жер боюнча иштелип чыгып, сакталат.

5.3. Кармоочу жеке маалыматтарды автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен жана аларды колдонбостон иштеп чыгат.

5.4. Субъекттердин Жеке маалыматтары кагаз түрүндө жана/же электрондук түрдө сакталат.

5.5. Жеке маалыматтарды төмөндөгү үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө мүмкүн: атайы тергөө амалдарын аткаруусунда жана байланыш тармагында контчалгындоо иштерин жүргүзүп жаткан ыйгарым укуктуу органдарга; КРнын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте КРнын Мамлекеттик жана сот органдарына; КРнын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте КРнын Салык жана социалдык камсыздандыруу органдарына; жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макул көрсөтүлгөн жактарга.

5.6. Кармоочу субъекттердин жеке маалыматтарына укуксуз жана капысынан жетүүдөн, алардын жок кылынышынан, өзгөртүлүшүнөн, жаап коюлушунан, көчүрүлүшүнөн, берилишинен жана жайылтылышынан, ошондой эле башка укуксуз аракеттерден коргоо үчүн керектүү, жетиштүү укуктук, уюштуруучу жана техникалык чараларды көрөт.

**6. Жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, оңдоо, өчүрүү жана жок кылуу, жеке маалыматтар субъекттеринин жеке маалыматтарга жетүүсү боюнча суроо-талаптарына жооп берүү**

6.1. Эгерде жеке маалыматтардын ишенимсиздиги жана маалыматка тиешелүү аракеттин укуксуздугу аныкталса, Кармоочунун мындай жеке маалыматтарды чогултуусунун, сактоосунун жана иштеп чыгуусунун мыйзамдуулугуна жараша жеке маалыматтар актуалдаштырылат, жаап коюлат же жок кылынат, же алардын иштетүүсү тиешелүү түрдө токтотулушу зарыл.

6.2. Жеке маалыматтардын ишенимсиздиги жана маалыматка тиешелүү аракеттин укуксуздугунун фактысы боюнча жеке маалыматтар субъектиси Кармооочунун даректери боюнча түздөн-түз кайрылууга укугу бар.

6.3. Жеке маалыматтардын субъектисинин жазуу түрүндөгү суроо-талабы боюнча Кармоочу төмөндөгү маалыматты чагылдыруусу менен ал иштетип жаткан жеке маалымат тууласында маалымат берүүгө милдеттенет:

- жеке маалыматтардын массивин кармоочудан (ээсинен) жеке маалыматтардын иштетилгендиги фактысын далилдеп берүүсүн;
- жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздерин жана максаттарын;
- максаттарын жана жеке маалыматтардын массивин кармоочу (ээси) жеке маалыматтарды иштетүүдө колдонгон ыкмаларды;
- жеке маалыматтардын массивин кармоочунун (ээсинин) аталышы жана жайгашкан жери, жеке маалыматтарга жетүүгө укугу бар же болбосо жеке маалыматтардын массивин кармоочу (ээси) менен болгон келишимдин жана мыйзамдын негизинде жеке маалыматтар берилиши мүмкүн болгон адамдар (кармоочунун (ээсинин) кызматкерлерин эсептебегенде) тууралуу маалыматтар;
- жеке маалыматтардын субъектине караштуу иштетилип жаткан жеке маалыматтар, аларды алуучу булак;
- жеке маалыматтарды иштетүү мөөнөтү, аны менен катар аларды сактоо мөөнөтү;
- жеке маалыматтардын субъекти тарабынан ушул Мыйзамда каралган өз укуктарын ишке ашыруу тартиби;
- жеке маалыматтардын трансчекара аркылуу өткөрүлүп берилгендиги же жүргүзүлүшү мүмкүн экендиги тууралуу маалыматтар;
- ушул Мыйзамда жана (же) башка ченемдик укуктук актыларда каралган башка маалыматтар.

6.4. Эгер субъекттин сурап жаткан маалыматтарга жетүү укугу жок болсо, анда Кармоочу ага жүйөлөнгөн баш тартуу жөнөтөт.

6.5. Кармоочу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мөөнөт аралыгында жеке маалыматтарды сактайт, мындан кийин аларды жок кылат.

**7. Веб-ресурстарды колдонуу шарттары**

7.1. Кармоочу Кармоочунун веб-ресурстарынын жардамында Интернет тармагын колдонуу маалында субъекттер берген маалыматты коргоо боюнча, алардын жоголушун, аларга мыйзамсыз жетүүнү, өзгөртүлүшүн же жок кылынышын алдын алуу боюнча керектүү чараларды көрөт. Бул учурда субъект Интернет тармагы аркылуу маалымат берүүнүн коопсуз жана катасыз ыкмасы жок экенин түшүнөт жана баамдайт.

7.2. Кармоочу алардын айынан веб-ресурстарга жеткилик, анын ичинде субъект орноткон коддорду жана сыр сөздөрдү колдонуусу менен, мүмкүн болбой же чектелген болушу мүмкүн болгон серверлердин ишине, Интернет тармагына жеткилик берген кызмат жеткирүүчүлөрүнүн, ошондой эле үчүнчү жактардын иши үчүн жоопту эмес.

7.3. Веб-ресурстарды колдонууда субъект веб-ресурстун издөө тутумунун тууралоолорун, ал «cookies» файлдарын (тутумга кирүү жана маалымат топтоо үчүн керектүү маалыматтарды жаздырып, веб-сайттын колдонуусун жеңилдеткен профиль тууралоолорун камтыган чакан файл) жөнөтүү менен байланышкан бардык учурлар тууласында билдирип тургандай кылып өз алдынча жөндөйт.

7.4. 18 жашка толо элек субъект Кармоочунун веб-ресурстарында катталбоого жана ата-энесинин же камкорчусунун же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн уруксаты жок аны колдонбоого, ошондой эле өзү тууласында кандайдыр бир маалымат бербөөгө милдеттенет.

7.5. Веб-ресурстардагы маалымат Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик укугу жөнүндө мыйзамдары менен корголот. Веб-ресурстарда маалыматты жайылтууга, которууга, архивдөөгө жана көчүрүүгө тыюу салынган. Кармоочунун товардык белгилери идентификациялоо үчүн гана колдонулат.

**8. Корутунду жоболор**

8.1. Жеке маалыматтар субъектиси анын жеке маалыматтарын иштетүүдө жана коргоодо Кармоочунун укукка каршы келген аракеттерине жана аракетсиздигине карата жеке маалыматтарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга же соттук тартипте даттанууга укугу бар.

8.2. Кармоочу ушул Саясатка өзгөртүүлөрдү бир тараптуу киргизүүгө укуктуу, анын ичинде Кармоочунун ишмердүүлүгү олуттуу түрдө өзгөргөн, жеке маалыматтар жаатындагы мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген же жеке маалыматтардын кармоочуларынын реестрине өзгөртүүлөр киргизилген учурда. Саясаттын жаңы редакциясы Кармоочу аны расмий сайтында жарыялаган учурдан тартып күчүнө кирет.

8.3. Ушул Саясатка каалаган өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин субъекттин Кармоочу кызматтарын колдонуусун уланткан учуру анын мындай өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор менен макул экенин билдирет.

8.4. Субъект ушул Саясатка киргизилген өзгөртүүлөр менен таанышуу максатында анын мазмуну менен такай таанышып турууга милдеттенет. Өз убагында таанышпаганы жана мындан чыккан кесепеттер үчүн субъект жеке жоопкерчиликте болот.

8.5. Субъект SMS-билдирүү жана/же push-билдирүү аркылуу алган кодду киргизип, же "чымчыкча" түрүндөгү белгини басып, жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдукка жөнөкөй электрондук кол тамга менен (өзү койгон кол тамга менен барабар жана ал деп тааныта турган ыкма болот) кол койгону анын ушул Саясаттын бардык пункттары менен макул болуп, анын шарттарын кабыл алганын тастыктай турганын таанып жана муну менен макул болот.

8.6. Кармоочу ушул купуялуулук саясатына өзгөртүүлөрдү өз алдынча жана каалаган убакта киргизүү укугун өзүнө калтырат.

8.7. Ушул саясатта каралбаган бардык учурлар боюнча тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.